| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|---|
| ОШ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ | | МЭРИЯ ГОРОДА ОШ |

**ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

2023-жылдын "31" октября, № 1010

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча "Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө" программасынын Ош шаардык саламаттык сактоо мекемелеринде аткарылышы жөнүндө**

Ош шаарында калкка баштапкы медициналык-санитардык жардамды көрсөтүп келе жаткан 22 мамлекеттик медициналык мекемелери бар.

Бүгүнкү күндө саламаттык сактоо мекемелеринде 3 227 медициналык кызматкер иштейт, анын ичинен 807 дарыгер, 1 501 орто билимдүү, 502 кенже, 403 башка кызматкерлер түзөт.

Ош шаарынын электрондук медициналык базасында 2023-жылдын 1-октябрына карата 370 372 адам каттоодо турат, анын ичинен медициналык камсыздандырылгандар 261 613 болуп, 70,6 пайызды түзөт.

Ош шаардык саламаттык сактоо координациясында саламаттык сактоо мекемелеринин иш-аракеттерин көзөмөлдөө иштери мурдагы жылдарга салыштырмалуу жеткиликтүү деңгээлде жолго коюлбаган. Координациялоо иштеринде тиешелүү иш-кагаздары жок.

Ош шаарындагы баштапкы медициналык-санитардык жардамды көрсөтүүчү медициналык мекемелеринде жыл сайын жүргүзүлгөн мониторинг, текшерүү учурундагы эскертүүлөргө карабастан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча "Ден соолугу чың адам-өнүккөн өлкө" программасынын иш-чаралар планы, индикаторлорунун матрицасы, ошондой эле программанын аткарылышын камсыз кылуу максатында Ош шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 27-февралындагы № 40 токтому менен бекитилген иш-чаралар планы жана анын аткарылышы боюнча маалыматтары жок.

Шаарда 2023-жылдын 9 айында 5 603 төрөт болуп, 5 576 ымыркай тирүү төрөлгөн. (2022-жылдын 9 айында 5 942 төрөт болуп, 5 933 ымыркай тирүү төрөлгөн). Былтыркы жылдын 9 айына салыштырмалуу 2023-жылдын 9 айында төрөттүн саны 339 учурга, тирүү төрөлгөндөрдүн саны 357 учурга азайган. Ошол эле учурда оперативдик алынган маалыматтар (шаардагы жеке менчик төрөт клиникалары кошулганда) боюнча төрөттүн саны 10 483, тирүү төрөлгөн ымыркайлардын саны 10 603 түздү. Төрөттүн санынын азайгандыгына үй-бүлөлүк медицина кызматкерлери тарабынан сапаттуу тактоолор, каттоого алуулар, Ош шаардык жарандарды каттоо бөлүмүндө катталган ымыркайлардын саны боюнча ар айдын аягында тактоо (сверка) иштери жүргүзүлбөгөндүгү себеп боло алат.

Бир жашка чейинки ымыркайлардын өлүмү 2023-жылдын 9 айында 100 учур катталып, көрсөткүчү 17,9:1000 түздү. Ал эми 2022-жылдын 9 айында 60 учур катталып, көрсөткүчү 10,1:1000 түзгөн. Былтыркы жылдын 9 айына салыштырмалуу 2023-жылдын 9 айында ымыркайлардын өлүмү 40 учурга, 77,2 пайызга көбөйгөн.

Эненин өлүмү 2023-жылдардын 9 айында 1 учур катталып, көрсөткүчү 17,9 (100 000 тирүү төрөлгөндөргө) түздү (2022-жылы 9 айында эненин өлүмү катталган эмес).

Программада көрсөтүлгөн жугуштуу эмес оорулардан онкологиялык, жүрөк-кан тамыр, кант, респиратордук өнөкөт оорулары, психикалык бузулушу сыяктуу дарттар, майыптуулук, ошондой эле тобокелдик факторлору (тамеки чегүү, ичкиликти ашыкча ичүү, туура эмес тамактануу, кыймыл-аракеттин жоктугу, тузду пайдалануу) боюнча толук маалыматтар, анализдер жок, контролдоого кызыгышпайт.

Калкты милдеттүү медициналык камсыздандырууга камтуу боюнча 2023-жылдын 10 айына милдеттүү медициналык камсыздоо полисин (ММК Полиси) сатуу үчүн планга 48 166 даана каралган, сатылышы 3 127 даана, чет өлкөлүк жарандарга 131 даана болуп, пайыздык катнашы 6,7 түзөт. Ош шаары боюнча камсыздандырылбаган жарандарды ММК Полиси менен камсыздандыруу 6,7 пайызга гана аткарылып, камсыздандыруу иштери өтө төмөн болууда.

Профилактикалык эмдөө жүргүзүү үчүн 2023-жылы 68 552 жаран планга коюлуп, анын ичинен 2023-жылдын 9 айында 33 080 жаран эмделди, башкача айтканда 48,2 пайызды түздү, ал эми 2022-жылы профилактикалык эмдөө жүргүзүү үчүн 66 521 жаран планга коюлуп, 2022-жылдын 9 айында 39 013 жаран эмделип, башкача айтканда 58,6 пайызды түзгөн. Пландаштырылган эмдөөгө камтуу пайыздык көрсөткүчү былтыркы жылдын 9 айына салыштырмалуу 10,4 пайызга төмөн.

Календардык эмдөөлөрдөн баш тарткандар 2023-жылдын 9 айында 784 жаран (диний көз караштагылар 436, интернет булактарына таянгандар 348) болсо, 2022-жылдын 9 айында 303 (диний көз караштагылар 76, интернет булактарына таянгандар 227) жаран эмдөөдөн баш тарткан, былтыркы жылдын 9 айына салыштырмалуу эмдөөдөн баш тарткандар 481 учурга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча "Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө" программасынын аткарылышын камсыз кылуу жана Ош шаардык саламаттык сактоо мекемелеринин

ишмердүүлүгүн жакшыртуу жана кетирилген кемчилдиктерди четтетүү максатында, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 17, 18, 43, 44, 45, 48-беренелерин, Кыргыз Республикасынын "Ош шаарынын статусу жөнүндө" Мыйзамынын 8, 18, 20, 21-беренелерин жетекчиликке алып, Ош шаарынын мэриясынын Коллегиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын ден ссолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча "Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө" программасынын Ош шаардык саламаттык сактоо мекемелеринде аткарылышы жөнүндө Ош шаарынын мэриясынын социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы Н.А.Закировдун маалыматы эске алынсын.

2. Ош шаардык саламаттык сактоо мекемелеринде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча "Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө" программасынын аткарылышы жетишсиз деп белгиленсин.

3. Ош шаардык саламаттык сактоо координатору (Ш.Т. Абдурахманов):

- Ош шаардык саламаттык сактоо уюмдарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча "Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө" программасынын иш-чаралар планын белгиленген мөөнөттө толук аткарууга албагандыгы, дарылоо, алдын алуу, уюштуруу-кадрдык иштеринде кемчиликтерге жол бергендиги, алардын иш-аракеттерин өз убагында көзөмөлгө алып, тиешелүү чараларды көрбөгөндүгү үчүн Ош шаардык саламаттык сактоо координациясынын жоопту кызматкерлерине карата тартиптик чара көрсүн;

- саламаттык сактоо мекемелеринде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын ден соолугун сактоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча "Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө" программасынын иш-чаралар планы, индикаторлорунун матрицасы кынтыксыз аткарууга алынсын;

- программанын иш-чаралар планынын аткарылышын камсыз кылуу максатында Ош шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 27-февралындагы № 40 токтому менен бекитилген иш-чаралар планынын негизинде саламаттык сактоо тармагынын иш-чаралар планын иштеп чыксын жана аткарылышы боюнча көзөмөлгө алсын;

- саламаттык сактоо уюмдарында аныкталган кемчиликтерди жоюп, болтурбоо боюнча өз ара ички кызматташууну жакшыртсын;

- Ош шаардык саламаттык сактоо тармагынын штаттан тышкаркы башкы адистеринин ишмердүүлүгүнүн мыйзамдуулугу каралсын, алардын иш-аракеттерин күчөтүү менен катуу көзөмөлгө алсын;

- "e-Kyzmat" – адам ресурстарын электрондук башкаруу автоматташтырылган маалыматтык жана электрондук документ жүгүртүү системаларына (ЭДЖС) байланышпаган медициналык мекемелердин аталган системаларга 2023-жылдын аягына чейин туташуусун камсыз кылсын.

4. Ош шаардык клиникалык ооруканасы (Ш.Т. Абдурахманов):

- Ош шаардык ооруканасында жана анын төрөт, жугуштуу оорулар стационарларында аныкталган кемчиликтерди четтетип, жетишпеген медициналык аппараттар, видеокамера, кеңсе, чарба буюмдары менен камсыз кылсын жана райондор менен телемедицина байланышын түзүү маселесин чечсин;

- Ош шаардык клиникалык ооруканасынын инфекциялык көзөмөлдөө иштерин күчөтсүн;

- оорукананын жугуштуу оорулар стационарынын кошумча имараттарынын проектиси ишке ашырылсын, медициналык кызматкерлердин штаттары кайрадан каралып чыксын жана кан менен иштеген кызматкерлердин коопсуздугун сактоо максатында бюджеттин эсебинен ВГВ илдетине каршы вакцина менен камсыз болуусун уюштурсун;

- оорукананын жугуштуу ооруулар стационарында бактериологиялык лабораторияны ачуу маселеси кароого алынып, реактивдер менен камсыз кылынсын;

- Ош шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 13-сентябрындагы № 150 токтомунун "Муниципалдык ижарага берилип кеткен саламаттык сактоо мекемелеринин имараттарын өз багытында иштетүү үчүн С.Данияров атындагы медициналык кызматкерлерди кайра даярдоо жана квалификациясын өркүндөтүү боюнча Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун Түштүк филиалы менен түзүлгөн муниципалдык мүлктү ижарага берүү боюнча келишимин 2024-жылдан баштап токтотуп, Ош шаардык клиникалык ооруканасынын терапия бөлүмүнүн жандандыруу бөлүмүн ачууга шарт түзүү боюнча" пунктун кайра карап чыгып, төрөт стационарына ыйгаруу маселесин чечүүнү колго алсын.

5. Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борбору (Э.Б. Нурумбетов):

- программанын негизги багыттарынын бири болгон эне жана баланы коргоо боюнча иш-аракеттерди жеткиликтүү деңгээлде жүргүзбөгөндүктөн ымыркайлардын өлүм көрсөткүчү көбөйгөндүгүнө, эне өлүмүнүн катталганына жол бергендиги, жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу иштерин начар жүргүзгөндүгү, камсыздандырылбаган жарандарды ММК Полиси менен камсыздандыруу планын аткарбагандыгы үчүн Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борборунун жооптуу кызматкерлерине карата тартиптик чара көрсүн;

- программанын негизги принциптерине, максаттарына ылайык үй-бүлөлүк медицина борборунда жана анын филиалдарында эне, баланы коргоо, жугуштуу, жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу иштери жандандырылсын;

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 22-февралындагы "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу

жөнүндө мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзамын ишке ашыруу максатында шаардагы камсыздандырылбаган жарандарды ММК Полиси менен камсыздандыруу планынын аткарылышы боюнча катуу көзөмөлгө алып, ишке ашырылсын;

- Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борборунун чарба башчысы Насыр Курбановдун жоопкерчилигиндеги чарбалык буюмдардын жетишпестигине байланыштуу алардын ордун толтуруу жана кириштелбеген каражаттарды эсепке алуу камсыздалсын.

6. Ош шаарынын шашылыш медициналык тез жардам борбору (М.Л. Султанов):

- кечиктирилгис жана өмүргө коркунуч жаралган абалда калкка толук квалификациялуу медициналык жардамды уюштуруу иштерин жетишсиз жүргүзүп, кемчиликтерге жол бергендиги үчүн Ош шаардык шашылыш медициналык жардам борборунун жооптуу кызматкерлерине карата тартиптик чара көрсүн;

- мекемеде калкка толук квалификациялуу медициналык жардам көрсөтүү боюнча уюштуруу иштерин жандандырып, жетишпеген эң керектүү дары-дармектер, медицина багытындагы буюмдар, аппараттар менен камсыздоону уюштурсун;

- мекеменин ийне саюучу, медициналык инструменттерди стерилдөөчү бөлмөлөрүндө ондоп-түзөө иштерин жүргүзүүнү, медициналык кызматкерлердин эс алуу жайларынын, айдоочулардын жана эркектер кааналарынын санитардык-техникалык, гигиеналык абалдарын талаптарга ылайык келтирүүнү колго алсын.

7. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фондунун Ош аймактык башкармалыгы (М.К. Омокеев): Ош шаарынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча Мамлекеттик кепилдиктер Программасынын аткарылышын, Бирдиктүү төлөм тутумунда иштеген саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо, алар көрсөткөн медициналык, профилактикалык жана фармацевтикалык кызматтардын сапатына экспертиза жүргүзүү, милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен калкты камтуу иштерин катуу көзөмөлгө алсын.

8. Ош шаардык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору (М.Т. Омурзаков): Ош шаарында жугуштуу, жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу иштерин катуу көзөмөлгө алсын жана санитардык-гигиеналык нормалардын сакталышы боюнча тиешелүү ченемдик укуктук актылардын талаптарына ылайык күчөтүлгөн тартипте иш алып барсын.

9. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары-дармектер жана медициналык техникалар менен камсыздоо боюнча Департаменттин түштүк филиалы (Ж.С. Джолдошев), Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борбору (Э.Б. Нурумбетов):

- медициналык мекемелеринде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-сентябрындагы № 646 жана 2011-жылдын 6-апрелиндеги № 137 токтомдору менен бекитилген техникалык регламенттерине, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министирлигинин 2008-жылдын 5-мартындагы № 103 буйругуна ылайык фармацевтикалык иштерди жүргүзүүдө аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча иш алып барылсын;

- үй-бүлөлүк дарыгерлердин бейтаптар үчүн дары-дармектерге "Ф-ЛС-1" рецептеринин жазылуусуна, дарыканаларда дары-дармектерди рецептер болгон учурда гана сатылуусуна көзөмөл күчөтүлүп, мониторинг жүргүзүлсүн.

10. Ушул токтом "Ош шамы" гезитине жарыялансын.

11. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош шаарынын мэринин орун басары Н.С. Кадыровго жүктөлсүн.

**Ош шаарынын мэри** **Б.Ж. Жетигенов**